Чындыгында, кийим эскирген сыяктуу эле силердин жүрөгүңөрдөгү ыйманыңар да эскирет. Андыктан Аллахтан жүрөгүңөрдөгү ыйманды жаңыртуусун сурангыла

Абдулла бин Амр бин Аль-Аас (Аллах ал экөөнөн ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деп айтты: «Чындыгында, кийим эскирген сыяктуу эле силердин жүрөгүңөрдөгү ыйманыңар да эскирет. Андыктан Аллахтан жүрөгүңөрдөгү ыйманды жаңыртуусун сурангыла».

[Сахих (ишенимдүү)] [Ал-Хаким жана ат-Табарани жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жаңы кийим көп кийилип эскирген сыяктуу мусулмандын жүрөгүндөгү ыйманы да эскирип, алсыз болуп калышы туурасында айтты. Бул ыймандын эскирүүсү ибадаттагы кайдыгерликтен, күнөө кылуудан жана азгырыктарга берилип кетүүдөн болот. Мындай учурда Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) парз ибадаттарды аткаруу менен, көп зикир кылуу жана истигфар айтуу менен ыйманыбызды жаңыртуу үчүн Аллах Таалага дуба кылууга багыт берди.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65020